**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ
КАРАШТУУ
ЖАРАНДЫК АВИАЦИЯ
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ**

**ГОСУДАРСТВЕННОЕ
АГЕНТСТВО ГРАЖДАНСКОЙ
АВИАЦИИ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК
ПРИКАЗ**

_____________________№______

Бишкек ш.
г.Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 24-ноябрындагы №787 буйругу менен бекитилген, «Авиациялык коопсуздук. КРАЭ-17» Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна ылайык, "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Аба кодексине, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" 2025-жылдын 1-октябрынан №206 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгына байланыштуу, ошондой эле Эл аралык жарандык авиация уюмунун (ИКАО) стандарттары жана сунушталган практикасы менен максималдуу ыратуулугун камсыз кылуу максатында, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 24-ноябрындагы №787 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын “Авиациялык коопсуздук. 17-КРАЭ” авиациялык эрежелерине төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттун 5-пунктчасына өзгөртүүлөр киргизилсин жана төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«5) адам фактору - адамдын жөндөмдүүлүктөрү, өзгөчөлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрүнүн чектери жөнүндө илимий билимди жабдууларды, системаларды, ал иштеген шарттарды жана ал аткарган милдеттерди иштеп чыгууга байланыштуу колдонуу»;

2) 1-пункттун 78-пункчасы төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин жана төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«78) транзиттик жүргүнчүлөр жана багаж. Бир эле аба кемеси менен учуп келген жана учуп кеткен жүргүнчүлөр жана алардын колундагы жүктөрү;»;

3) 1-пункттун 79-пункчасы төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин жана төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«79) трансфердик жүргүнчүлөр жана багаж. Бир учак менен келген жана башка учак менен учуп кеткен жүргүнчүлөр жана алардын колундагы жүктөрү;»;

4) 1-пункттун 87-пункчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

5) $15^5$-пункттагы "аспектилерин" деген сөз алынып салынсын;

6) 20-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 21-пунктчасы менен толукталсын:

«21) тобокелдиктерди баалоонун негизинде директиваларды иштеп чыгуу, аткарылышы милдеттүү болгон коопсуздук бюллетендерин берүү, бошотууларды берүү.»;

7) 25-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 20-пунктчасы менен толукталсын:

«20) жарандык авиация органына авиациялык коопсуздук жаатындагы милдеттүү жана ыктыярдуу билдирүүлөрдү берүү.»;

8) п . 35 төмөнкүдөй мазмундагы 20-пунктчасы менен толукталсын;

«20) жарандык авиация органына авиациялык коопсуздук жаатындагы милдеттүү жана ыктыярдуу билдирүүлөрдү берүү.»;

9) 40-пункт төмөнкү мазмундагы сүйлөм менен толукталсын:

«Жарандык авиация органы менен макулдашылгандан кийин авиациялык коопсуздук программасы тиешелүү бөлүгү боюнча бардык кызыкдар адамдарга маалымдалат.»;

10) 42-пунктундагы «5 жылдан кем эмес» деген сөздөр алынып салынсын;

11) 86-пункт төмөнкү мазмундагы сүйлөм менен толукталсын:

«Аэропорттун жетекчиси, аба кемесин эксплуатациялоочу, каттоо учурунда, текшерүү пунктуна киргенде, аба кемесине конууга чыкканда жүргүнчүнүн документтерин текшерүүгө жооптуу органды (адамды) дайындайт.»;

12) 110-беренеге төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин жана төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«110. Аба кемесин эксплуатациялоочу коопсуздук максатында коммерциялык аба каттамы менен алектенген учуп бараткан аба кемелерин текшерүүнү же тинтүүнү камсыз кылат. Жарандык авиация органы тарабынан жүргүзүлгөн коопсуздук тобокелдигин баалоонун негизинде, эгерде ал валидациялоо процессин түзбөсө жана зарыл болсо, башка макулдашуучу мамлекет менен кызматташып, туруктуу негизде процедураларды колдонбосо, мындай аба кемелери акыркы учуу

пунктунда коопсуздук максатында тийиштүү деңгээлде текшерүүдөн өтүшүн же текшерүүдөн өткөрүлүшүн жана андан кийин коопсуздук максаттарында текшерүүдөн өткөндөн кийин аба кемесинин аэропортунан учуп кеткенге чейинки убакытка чейин уруксатсыз кийлигишүүдөн корголушун камсыз кылат.»;

13) 8-глава төмөнкүдөй мазмундагы $137^1$-пункт менен толукталсын:

«$137^1$. Жүргүнчүлөрдү текшерүү пункттары жүргүнчүнүн жеке текшерүүсү ошол эле жыныстагы текшерүү оператору тарабынан гана жүргүзүлүшү үчүн эркек да, аял да кызматкерлери менен толукталат. Портативдүү металл детекторунун жардамы менен текшерүү, эгерде текшерүүгө тийиш болгон жүргүнчү же жүргүнчүгө таандык болбогон адам каршы болбосо, зарыл болгон учурда карама-каршы жыныстагы кызматкерлер тарабынан жүргүзүлөт.»;

14) 349-пунктундагы «жарандык авиация органдарында» деген сөздөр алынып салынсын;

15) 407-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилсин жана төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«407. Сертификациялык документтин жарактуулук мөөнөтү тобокелдикти баалоону, объекттин абалын, авиациялык коопсуздук чараларын камсыз кылуу үчүн зарыл ресурстардын жана каражаттардын бар экендигин, объекттин авиациялык жана учуу коопсуздугу боюнча белгиленген талаптарга шайкештигин эске алуу менен жарандык авиация органы тарабынан белгиленет.».

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин авиациялык коопсуздук бөлүмүнө:

- ушул буйрукту аткарууга кабыл алсын;

- күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн ушул буйрукту мамлекеттик жана расмий тилдерде электрондук документ жүгүртүү тутуму аркылуу Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

- катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде бул буйрук мамлекеттик жана расмий тилдерде «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий сайтына жарыяласын.

3. Жарандык авиация уюмдары жана окуу борборлору 2022-жылдын 24-ноябрындагы №787 буйругу менен бекитилген, «Авиациялык коопсуздук. КРАЭ-17» Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелерине киргизилген өзгөртүүлөрдү аткарууга кабыл алынсын, ошондой эле сапатты көзөмөлдөө боюнча программаларга жана даярдоо программаларына, авиациялык коопсуздук даярдоо программаларына зарыл болгон толуктоолорду киргизишсин.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө директордун орун

басары К.Т.Төлөгөновго жүктөлсүн.

5. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

---

**О внесении изменений в Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР 17. Авиационная безопасность», утвержденные приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 24 ноября 2022 года №787**

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115, в связи с принятием Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики (в **Воздушный кодекс** Кыргызской Республики, Бюджетный кодекс Кыргызской Республики, Кодекс Кыргызской Республики о неналоговых доходах)» от 1 октября 2025 года № 206, а также в целях обеспечения максимального единообразия со Стандартами и Рекомендуемой практикой Международной организации гражданской авиации (ИКАО), **приказываю**:

1. Внести в Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР 17. Авиационная безопасность», утвержденные приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 24 ноября 2022 года №787 следующие изменения:

1) в подпункт 5 пункта 1 внести изменения и изложить в следующей редакции:

«5) человеческий фактор - применение научных знаний о способностях, особенностях и пределах возможностей человека в связи с разработкой оборудования, систем, условий, в которых он функционирует, и задач, которые он выполняет»;

2) в подпункт 78 п. 1 внести изменения и изложить в следующей редакции:

«78) транзитные пассажиры и багаж. Пассажиры и их ручная кладь, которые прибывают и вылетают на одном и том же воздушном судне.»;

3) в подпункт 79 п. 1 внести изменения и изложить в следующей редакции:

«79) трансферные пассажиры и багаж. Пассажиры и их ручная кладь, которые прибывают на одном воздушном судне и вылетают на другом воздушном судне.»;

4) подпункт 87 п. 1 признать утратившим силу;

5) в п $15^5$ слово «аспектов» исключить;

6) пункт 20 дополнить абзацем 21 следующего содержания:

«21) на основании оценок риска разработка директив, выдача бюллетеней по безопасности, которые обязательны к исполнению, выдача освобождений.»;

7) пункт 25 дополнить подунктом 20 следующего содержания;

«20) предоставление в орган гражданской авиации обязательных и добровольных сообщений в сфере авиационной безопасности.»;

8) п. 35 дополнить подунктом 20 следующего содержания;

«20) предоставление в орган гражданской авиации обязательных и добровольных сообщений в сфере авиационной безопасности.»;

9) пункт 40 дополнить предложением следующего содержания:

«После согласования с органом гражданской авиации программа авиационной безопасности доводится до сведения всех заинтересованных лиц в части касающейся.»;

10) в пункте 42 слова «не менее 5 лет» исключить;

11) пункт 86 дополнить предложением следующего содержания:

«Руководитель аэропорта назначает орган (лицо), ответственный за проверку документов у пассажира при регистрации, входе в пункт досмотра, при выходе на посадку на борт воздушного судна.»;

12) в п. 110 внести изменения и изложить в следующей редакции:

«110. Эксплуатант воздушного судна обеспечивает выполнение проверок или проведение обыска вылетающих воздушных судов, занятых в коммерческих авиаперевозках, в целях безопасности. На основании оценки риска безопасности, проведенной органом гражданской авиации, если только оно не установило процесс валидации и не применяет на постоянной основе процедуры, при необходимости в сотрудничестве с другим договаривающимся государством, для обеспечения того, чтобы такие воздушные суда прошли проверку или обыск в целях безопасности на должном уровне в последнем пункте отправления и впоследствии были защищены от несанкционированного вмешательства с момента начала проверки или обыска воздушного судна в целях безопасности до момента вылета воздушного судна из его аэропорта.»;

13) Главу 8 дополнить пунктом $137^1$ следующего содержания:

«$137^1$. Пункты досмотра пассажиров комплектуются персоналом как мужского, так и женского пола, с тем чтобы личный досмотр пассажира проводился только оператором досмотра того же пола. Досмотр с помощью портативного детектора металла производиться при необходимости сотрудниками противоположного пола, если подлежащий досмотру пассажир или лицо, не относящееся к пассажиру не будет

возражать.»;

14) в пункте 349 слова «в органе гражданской авиации» исключить;

15) в пункте 407 внести изменения и изложить в следующей редакции:

«407. Срок действия сертификационного документа устанавливается органом гражданской авиации с учетом оценки риска, состояния объекта, наличия необходимых ресурсов и средств для обеспечения мер авиационной безопасности, соответствия объекта установленным требованиям по авиационной безопасности и безопасности полетов.».

2. Отделу авиационной безопасности Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

- принять к исполнению настоящий приказ;

- направить настоящий приказ на государственном и официальном языках через систему электронного документооборота в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики в течениии трех рабочих дней со дня вступления в силу;

- опубликовать настоящий приказ на государственном и официальном языках в газете «Эркин Тоо» и на официальном сайте Кабинета Министров Кыргызской Республики в течение трех рабочих дней со дня регистрации.

3. Организациям гражданской авиации и учебным центрам принять к исполнению изменения в Авиационные правила Кыргызской Республики «АПКР 17. Авиационная безопасность», утвержденные приказом Государственного агентства гражданской авиации при Кабинете Министров Кыргызской Республики от 24 ноября 2022 года, а также внести необходимые изменения в программы авиационной безопасности, программы подготовки и программы по контролю качества.

4. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора К.Т. Төлөгөнова.

5. Настоящий приказ вступает в силу по истечении семи дней со дня его официального опубликования.

**Директор** **Д.К. Бостонов**